**Программалык аккредитациялоо учурунда тышкы баалоонунун натыйжалары боюнча**
**КОРУТУНДУ**

Аккредитация, рейтинг жана тастыктоочу көз карандысыз институту коомдук фондунун 2024-жылдын

8- апрелиндеги буйругунун негизинде №9/24/12-к

экспертик комиссия 2024-жылдын 15- апрелинен баштап 2024-жылдын 16- апрелине чейин

"Сейтек –Стем" окуу комплекси" мекемесинде тышкы баалоо жүргүзүлдү.

| | Критерийлер | Баа (ылайык келет, жарым-жартылай ылайык келет, ылайык келбейт) | Комментарийлер(баанын негиздемеси) |
|---|---|---|---|
| **1 Стандарт: ОКУУ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ-УСУЛДУК КАМСЫЗДАНУУСУ** | | | |
| 1.1. | Окуу планынын жана программаларынын билим берүү стандартынын талаптарына, базистик окуу планына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | Ылайык келет | Тастыктоочу базада окуу планы жана түшүндүрмө каты, аткарылган иштер боюнча анализ маалыматтар жүктөлгөн, билим берүү министирлигинин буйругуна ылайык бекитилген.Устав 2023-жылдын 25-апрелинде бекитилген, юстиция министирлиги тарабынан катталган.Мектептин стратегиялык планы жогорку деңгээлде иштелип чыккан.Мектеп компоненти билим берүү уюмунун өзгөчөлүгүн чагылдырат.Баардык методикалык бирикмелердин календарлык тематикалык пландары өз убагында иштелип чыгып,бекитилген |
| 1.2. | Окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | Ылайык келет | Окуу-методикалык камсыздоо билим берүү стандартынын талаптарына шайкеш келет.Тастыктоочу базада мектеп фонду окуу-методикалык колдонмолор жана окуу китептери менен толук камсыз болгондугу жазылган.Мектеп китепканасынын жана Кембридж программасы боюнча китептердин |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | фотоотчеттору жүктөлгөн.Мектепте кыргыз тили предмети боюнча колдонмо дептерлер Эл аралык Сапат билим берүү мекемеси каржылаган |
| 1.3. | Жетиштүү маалыматтык ресурстардын болушу (окутуу тилдерин эске алуу менен окуучулардын санына карата окуу-методикалык адабияттардын фондусу) | Жарым- жартылай ылайык келет | Тастыктоочу базада китепкана боюнча жобо иштелип чыгып, бекитилген.Мектепте окутуу үч тилде жүргүзүлөт.2023-2024-окуу жылында китептер менен окуучуларды камсыздоо 100% түзгөн.Кембридж программасы боюнча да окуу китептери жетиштүү.Китепканачынын аткарылган иштери боюнча анализ маалыматы бар.Китепканачынын жылдык пландары бар бирок мониторинги тиркелген эмес. |
| 1.4. | Билим берүү программасынын мазмунун жана окуу-методикалык камсыздоону өркүндөтүү максатында маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу жана кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгил-мезгили менен баалоонун иштөө механизминин болушу. | Ылайык келет | Билим берүү программасынын жана окуу-методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында атайын механизм иштелип чыккан.Маалыматтык коопсуздукту камсыздоо үчүн атайын пландын негизинде мектепте семинарлар уюштурулуп, маалыматтар интернет булактарында жайгаштырылган.Бул критерий боюнча локалдык актылар иштелип чыгып, директор тарабынан бекитилген. |

***Күчтүү жактары:*** Окуу планы билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келет. Билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн жетиштүү маалыматтык ресурстарды,анын ичинде электрондук ресурстар менен камсыз кылууда натыйжалуу тенденция байкалууда Мектептин ишмердүүлүгү уставдын негизинде жүргүзүлөт.Стратегиялык план иштелип чыккан, директор тарабынан бекитилген. Мектепте кыргыз тили предмети боюнча, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстар үчүн колдонмо дептердин авторлору эмгектенишет.Жетиштүү маалыматтык ресурстар, тагыраак айтканда окуу куралдары менен окуучулар 100% камсыз болушкан.Мекеменин ишин жөнгө салуучу укуктук-ченемдик актылар толук иштелип чыгып, тиркелген.

***Алсыз жактар:-***

***Сунуштар:Китепкана фондун окуу куралдары жана адабий китептер менен толуктоону улантуу сунушталат***

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2 Стандарт: КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУНУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА СТУДЕНТТЕРДИН ИЙГИЛИКТЕРИН БААЛОО** | | | |
| 2.1. | Пландалган окуу максаттарынын болушу | Ылайык келет | Тастыктоочу базада мектептин жылдык планы, тарбия иштери боюнча пландар, усулдук бирикмелердин жана жаш мугалимдер бирикмесинин жылдык пландары, сабактарга берилген анализдер жана сабактарга байкоо жүргүзүү баракчалары жүктөлгөн. Педагогикалык кеңешменин протоколдору бар.Аталган мектеп документациялары жетекчилик тарабынан өз убагында бекитилип, көзөмөлгө алынган. Мектепте 19 ийрим иш алып барат |
| 2.2. | Окуу-тарбия процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу | Ылайык келет | Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык усулдарды колдонуп, ар түрдүү программалар менен жасалган сабактарды өтүшөт.Тастыктоочу базада башталгыч класстардан баштап, жогорку класстарга чейин предметтик сабактар боюнча мультимедиалык сабактар тиркелген.Едупейдж программасы боюнча электрондук журнал ишке киргизилген.Электрондук журналдын жобосу иштелип чыккан жана бекитилген. Инновациялык сабактарды өтүү үчүн жетекчилик тарабынан бардык шарттар түзүлгөн. |
| 2.3. | Окутууну баалоодо жана коррекциялоодо кайтарым байланыш механизминин болушу | Ылайык келет | Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизми толук иштелип чыккан . Ата-энелер чогулуштарынын протоколдору жана кошумча сабактардын иретмеси  жайгаштырылган.Ата-энелер менен иштөө жобосу, окутууну баалоодо ата-энелерден алынган |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | сурамжылоолор, жетишкендиктер жөнүндө маалыматтар, сүрөттөр тиркелген..Начар өздөштүргөн жана таланттуу балдар менен иштөө планы толук эмес. |
| 2.4. | Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык билим берүүнүн жетишкендиктерин баалоонун объективдүү жана ачык системанын болушу | Ылайык келет | Тастыктоочу базада "Баалоонун системасы жана ачык-айкын өткөрүү формалары" боюнча жана апеляция боюнча жобо иштелип чыгып, педкеңешмеде каралып, бекитилген.Мектеп ичинде жүргүзүлгөн ички көзөмөлдүн жобосу, жылдык планы бар, бирок аткарылган иштер боюнча ситемалуу иш жүргүзүлбөйт. Предметтер жана класстар боюнча мониторинг жүргүзүлөт.Тастыктоочу базада 1 жылдык мониторинг тиркелген. |
| 2.5. | Колдонулган эрежелер, жол-жоболор жана баа берүүнүн натыйжалары, ошондой эле аларды кайра карап чыгуу жол-жоболору жөнүндө студенттерге маалымат берүү системанын болушу | Ылайык келет | Окуучуларга баалоонун колдонулуучу эрежелери, жол-жоболору жана жыйынтыктары жөнүндө маалымдоо системалары бар. Ал Едупейдж электрондук журналы аркылуу берилген.Сабактардан жетишпеген, тагыраак айтканда начар өздөштүргөн окуучуларга карне( жетишүү табели) түзүлүп. ата-энелерге маалымат берилип турат. |
| 2.6. | Билим берүү процессинде ден соолукту үнөмдөөчү методдорду колдонуу менен коопсуз, өнүгүү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыз кылуу | Ылайык келет | Мектепте коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо үчүн окуучулардын өмүрүн жана ден соолугун коргоо боюнча жобо иштелип чыккан.Тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын планы бар.Ийримдер боюнча маалыматтар, тартип комиссиясынын актылары тиркелген.Окуучулардын коопсуздугун камсыздоо максатында видеокамералар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | орнотулган.Антитеррордук, өрт, мектеп ичиндеги коопсуздук боюнча нускамалар жана эвакуация планы тиркелген. |
| 2.7. | Ички жана тышкы баалоонун жана системалуу мониторингдин негизинде окуучулардын жыйынтыктарынын динамикасы | Ылайык келет | Ички жана тышкы баалоонун системалуу мониторингин жүргүзүү жыйынтыгы боюнча динамика иштелип чыккан.Мектепте билим берүү сапатын аныктоо максатында ички жана тышкы баалоонун жыйынтыгы менен директордун орун басарлары салыштырма анализдерди жүргүзөт.Төмөнкү көрсөткүчтү көргөзгөн окуучулар пед кеңешмеде каралат, көзөмөлгө коюлат.Республикалык жана эл аралык предметтик олимпиадаларга катышып, мыкты көрсөткүч көрсөткөн окуучулар да бар. Билим сапаты боюнча жогорку балл алган мектептерди толукташат.Мониторинг боюнча жобо иштелип чыккан жана бекитилген. |
| 2.8. | Кызыкдар тараптардын суроо-талаптарына жана билдирүүлөрүнө жооп берүү үчүн иштелип чыккан жана ишке ашырылган жол-жоболордун болушу | Ылайык келет | Тастыктоочу базада даттануулар жана сунуштар китепчеси тиркелген.Мындан тышкары уюмдун иштөө регламенти жана “Ишеним кутучасы” уюштурулган деп жазылган. |

*Күчтүү жактар*:Окуу-тарбия процессинде инновациялык технологияларды жана методикаларды колдонуп жогорку денгээлдеги сабактарды өтүшкөнү байкалууда..Кабинеттердин 80% мультимедиалык техникалар менен жабдылган. Мугалимдер эл аралык денгээлдеги курстарга катышып,сертификаттарга ээ болушкан. ”Едупейдж” программасынын негизинде электрондук журнал ишке киргизилген.Предметтер жана класстар боюнча мониторингдер жүргүзүлүп педкеңешмеде каралып,жыйынтык чыгарылат.Мектепте интернет, веб сайт, маалыматтык коопсуздукту камсыздоо механизми бар. Баалоонунун системалуу мониторингин жүргүзүү боюнча динамика иштелип чыккан.”Сейтек Стем” окутуу комплексиндеги талантуу окуучулар республикалык жана эл аралык предметтик олимпиадаларга катышып,байгелүү орундарга ээ болушкан.

***Алсыз жактар:-***

***Сунуштар:Стем жана компетентүүлүккө негизделген окутууну мындан ары да тереңдетип өнүктүрүү сунушталат.***

| 3 Стандарт: КАДР САЯСАТЫНЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ | | | |
|---|---|---|---|
| 3.1. | Билим берүү программасына педагогикалык кадрлардын квалификациясынын жана билиминин ылайык келиши | Ылайык келет | Педагогикалык жана окутуучу көмөкчү курам толугу менен комплектелген.Мектепте 86 мугалим эмгектенет.82 мугалимдин билими жогору, атайын орто -4 мугалим, баклавр-14, магистр-15.Бардык мугалимдердин кесиптик денгээли талапка жооп берет.Педагогикалык курам жана штаттык жүгүртмө тууралуу толук маалымат берилген |
| 3.2. | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыз кылуу механизминин жана жол-жобосунун болушу, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын ортосундагы мамилелерге баа берүү жана анын натыйжалары боюнча чечимдерди кабыл алуу | Ылайык келет | Мектепте билим берүү процессинин катышуучуларына физикалык жана психологиялык чөйрө түзүү пландаштырылган иш алып баруу менен жүзөгө ашырылат.Физикалык санитардык коопсуз чөйрөнү түзүү үчүн мектептке турникет жана кварцдык лампалар, санитайзерлер сатылып алынган.Мектеп ичиндеги медпунктта план боюнча окуучуларды кароодон өткөрүп турушат. Физикалык психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыздоо жобосу иштелип чыккан. Тастыктоочу базада психологдун жылдык планы бар. |
| 3.3. | Квалификацияны үзгүлтүксүз жогорулатуу, педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо системасынын болушу | Ылайык келет | Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча мектепте стратегиялык план иштелип чыккан.Планда сингапур методикасын жайылтуу жазылган.Ар жыл сайын мугалимдер квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүп турушат. 2022-2023-окуу жылында 46 мугалим курстан өткөн.5 мугалим чет өлкөлөрдөн курстан өтүп,сертификаттарга ээ болушкан.Квалификацияны жогорулатуу боюнча буйруктар жана график тиркелген. |

*Күчтүү жактар*: Баардык мугалимдердин кесиптик деңгээли талапка ылайык жооп берет.Мектепте педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу боюнча үзгүлтүксүз система жана график түзүлгөн.Билим берүү уюмунда коопсуз чөйрөнү уюштуруу боюнча социалдык-психологиялык кызматтын ишмердүүлүгү жакшы жолго коюлган.Мектеп окуучулары жана кызматкерлери үчүн коопсуздукту жана санитардык-гигиеналык эрежелерди сактоо, өрт жана электр коопсуздугу камсыздалган жана жоопкерчиликти аныктоо боюнча локалдык актылар, буйруктар иштелип чыккан.. Мектептин админстрациясы сингапур методикасы боюнча 72 саатык "Апгрейд" аталыштагы сертификаттарды алышкан.5 мугалим эл аралык денгээлдеги сертификаттарды алышкан.

***Алсыз жактар:-***

***Сунуштар:-***

## 4 Стандарт: МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4.1. | Окуу процессинин катышуучулары, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган класстар, лабораториялар, компьютердик класстар, спорт залы) болушу | Ылайык келет | Мектептин техникалык паспорту бар. Мектеп типтүү, үч кабаттуу 45 кабинети жана китепкана, спорт зал, ашкана, мультимедиалык кабинеттери, монтесори класстары, актовый зал, медпункт жана амфитеатр, медиа жана ритмика кабинеттери бар.Кабинеттердин паспорттору бекитилген жана фотоотчеттор жүктөлгөн |
| 4.2. | Билим берүү чөйрөсүндөгү коопсуздуктун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрт коопсуздугунун эрежелери, эмгекти коргоо жана коопсуздук эрежелери) | Ылайык келет | Мектепте билим берүү программасын ишке ашыруу, эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча бекитилген нускамалардын негизинде иш жүргүзүлөт.Санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер ченемдер боюнча атайын бурчтар уюштурулган.Химия, физика, информатика кабинеттеринде техникалык коопсуздукту сактоо эрежелери боюнча нускамалар илинген.Тастыктоочу базада эвакуация планы, ишеним почтасынын ачуудагы түзүлгөн актылар жана техникалык коопсуздукту сактоо боюнча нускамалар жүктөлгөн. |
| 4.3. | Материалдык-техникалык базаны жана маалымат ресурстарын жакшыртуу боюнча иш-чараларды чогултуу, баалоо, талдоо жана пландаштыруу механизминин болушу | Ылайык келет | Материалдык-техникалык базаны жакшыртуу максатында атайын программа иштелип |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | чыккан. Жыл сайын мектепке керектүү спорт инвентарлары, класска керектүү мультимедиалык эмеректер, окуу куралдары менен жабдылып турат. |

***Күчтүү жактар:***Материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү, маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча тастыктоочу базада маалыматтар толук берилген.Мектепте балдардын ден соолугун чыңдоо  үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.Спорт зал, актовый зал,стем, медициналык тейлөө кабинеттери, монтесори кабинеттери жогорку деңгээлде жасалгаланып, керектүү эмеректер жана мультимедиалык техникалар менен жабдылган. Мектеп санэпидемиологиялык текшерүүдөн өтүп, акты 2023-жылы түзүлгөн жана тастыктоочу базага тиркелген.Мектептин материалдык-техникалык базасы санитардык стандарттарга, өрт коопсуздугунун эрежелерине шайкеш келет жана балдарды тарбиялоо маселелерин чечүүгө мүмкүндүк берет.

***Алсыз жактар:-***

***Сунуштар:-***

## Минималдуу талаптарды аткаруу боюнча жыйынтыкталган таблица

| № | Минималдуу талап | Критерийлердин саны | Ылайык келет | Жарым-жартылай ылайык келет | Ылайык келбейт | Аткарылды/ Аткарылган жок |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Билим берүү программасынын мазмуну жана окуу-методикалык камсыздалышы | 4 | 3 | 1 | - | Аткарылды |
| 2. | Компетентүү окутууну ишке ашыруу жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоо | 8 | 8 | - | - | Аткарылды |
| 3. | Кадрдык саясаттын эффективдүүлүгү | 3 | 3 | - | - | Аткарылды |
| 4. | Материалдык-техникалык база | 3 | 3 | - | - | Аткарылды |

### Эксперттик комиссиянын аккредитациялоо боюнча чечими:

**“Сейтек Стем” окуу комплекси” негизги билим берүү программасын 5 жылдык мөөнөткө аккредитациядан өткөрүүнү сунуштайт**

- **негизги жалпы билим берүү**

Комиссиянын төрайымы: Усубалиева Нургуль Кубанычбековна ____________________

Комиссиянын мүчөлөрү: .Абдирашитова Нургүл Абдилакимовна ____________________

Алманбетова Чинара Сагыналиевна ____________________